Бекитемин

Мектеп директору мил.ат:

______К.Дж.Джакупова

# Алымкул Койгелдиев атындагы Бейшеке жалпы билим берүү орто мектебинин  эксперттик кеңеши жана эмгектик паспортторду  толтуруу боюнча комиссия жөнүндө типтүү жобо

## 1. Жалпы жоболор

**1.1 Алымкул Койгелдиев  атындагы Бейшеке орто мектебинин эксперттик кеңеши натыйжаларга негизделген эмгек акы төлөө системасынын иштешинин аткаруучу органы болуп саналат.**

**1.2 Натыйжаларга негизделген эмгек акы төлөө системасы билим берүү уюмдарында бир окуучуга эсептегенде ар бир жанга бюджеттик каржылоо принциби менен бир мезгилде киргизилет.**

**1.3 Эксперттик кеңеш эмгектик катышуу коэффицентин ( мындан ары-ЭКК) аныктоо үчүн предметтик-методикалык же предметтик-циклдик бирикмелер боюнча түзүлөт, анын негизинде кошумча эмгек акыны эсептөө үчүн ар бир педагог боюнча эсептин тууралгын көзөмөлдөйт.**

**1.4 Эксперттик кеңеш мектептин администрациясынын ( директордун окутуу-тарбия иштери боюнча орун басары же завучу), экономистти же башкы бухгалтеринин, профсоюз комитетинин төрагасынын же мүчөсүнүн арасында Алымкул Койгелдиев атындагы  Бейшеке   орто мектебинин директорунун  буйругу менен түзүлөт.**

**1.5 Эксперттик кеңеш өз ишинде эмгек жөнүндө мыйзамдарды, Билим берүү жана илим министрлигинин, жалпы билим берүүчү уюмдун директорунун буйруктарын,**

**эмгек акы төлөө боюнча жобону жана ушул жобону жетекчиликке алат.**

**1.6 Эксперттик кеңеш өз ишин жалпы билим берүүчү директору бекиткен план боюнча уюштурат, заседаниесин айына кем эмес бир жолу өткөрөт.**

**1.7 Предметтик-методикалык же предметтик-циклдик бирикмелердин деңгээлинде бирикмеде турган ар бир педагог боюнча ЭККны эсептөө үчүн эмгекттик паспортторду толтуруу, андан соң тиешелүү жана кызматкерлердин кошумча эмгек акысын эсептөө үчүн Эксперттик кеңешке берүү боюнча комиссия(мындан ары-Комиссия) түзүлөт.**

**Кабыл алды:**
**Мектеп педагогикалык кеңешинин чечими**
**№_10______протокол**
**“___”___________20 -жыл**

**Бекитем:**
**Мектептин директору**
**К.Ж.Жамангулов _____**
**“___”___________20 -жыл**

# Алымкул Койгелдиев атындагы Бейшеке орто мектебинин мугалимдеринин натыйжалуу иштешине материалдык түрткү берүү жөнүндө ЖОБО

## 1.Жалпы жоболор

1.1 Иштин натыйжалуулугу үчүн мугалимдерге материалдык түрткү берүү жөнүндөгү бул жобо (мындан ары –ЖОБО) минималдык стандарттардын негизинде бюджеттик каржылоонун киши башына карай эсептөө принцибине өткөрүлгөн жалпы билим берүү уюмдарындагы кызматкерлерге эмгек акы төлөө боюнча Убактылуу жобонун негизинде иштелип чыкты.(КР БИМ 2008-жыл,5-июндагы № 330/1 буйругу)

1.2 Бул жобо мектепте окуу жана тарбия процесстеринин сапатын жогорулатуу чыгармачылык активдүүлүктү жана демилгени өнүктүрүүгө, өзүнүн кызматтык милдеттерин чын пейили менен аткарууга мугалимдердин материалдык кызыгуусун күчөтүү максатында иштелип чыкты.

1.3 Мугалимдерге материалдык түрткү берүү Алымкул Койгелдиев атындагы Бейшеке орто мектептин педагогикалык жамаатынын эмгек акы төлөө фондунун (ЭТФ) түрткү берүүчү бөлүгүнүн чегинде квартал сайын (же ай сайын) жүргүзүлөт.

1.4 Иштин натыйжалуулугу үчүн мектеп мугалимдерине кошумча акы төлөө өлчөмү мектептин Эксперттик комиссиясы көрсөткөн мугалимдердин тизмеси боюнча директордун буйругу менен бекитилет.

**2.Түрткү берүү шарттары**

2.1 МУгалимдин түрткү берүүчү төлөмдүн өлчөмүнө таасир берген негизги көрсөткүчтөр болуп мугалимдин ишинин натыйжалуулугун баалоо критерийлери жана көрсөткү[i]чтөрү саналат.

2.2 Мугалимдин ишинин натыйжалуулугун баалоо (НИБ) критерийлери жана көрсөткүчтөрү окуу жылдын башында мектептин педагогикалык кеңеши тарабынан бекитилет.

**3.Эмгекке  катышуу коэффицентин эсептөө**

3.1 Мектептин мугалимдерине ишинин натыйжалуулугуна түрткү берүүчү төлөм тутуму эмгекке катышуу коэффицентинин (ЭКК) эсептөөгө негизделет.

3.2 Мугалимдин ЭКК анын ишинин натыйжалуулугун баалоо көрсөткүчтөрүнүн сандык чоңдуктарын (баллдарды) суммалоо менен аныкталат. ЭКК натыйжалары таблица түрүндө көрсөтүлөт.

3.3 Түрткү берүүчү төлөмдөрдү  эсептегенде мектептин эксперттик комиссиясы жаш мугалимдердин усулдук бирикмелери ортосунда бөлүштүрүү тартиби жана чоңдугу жөнүндөгү буйругун жетекчиликке алат.

3.4 Эксперттик комиссиянын курамы жана ыйгарым укуктары профсоюздук комитетте  макулдашылып, мектептин педагогикалык кеңешинин чечими чыккандан кийин мектеп директорунун буйругу менен бекитилет.

3.5 Уюмдун эксперттик комиссисясы кызматкерге кошумча / түрткү берүүчү эмгек акы бербей коюшу мүмкүн.

i